# БАЙЛАНЫШТА БОЛОЛУ

2-ЧЫГАРЫЛЫШ, **2013-Ж. ЯНВАРЬ**



**Биз кечээ эле Жаңы жылды тоскондой болгон элек, бирок билинбей январдын аягы болуп калды. Биз сиздерге «Байланышта» бюллетенинин быйылкы биринчи басылышын сунуштайбыз.**

2013-жылдын башталышы «Кумтөр» үчүн окуяларга бай болду: механик вакансиясы ачылды жана компания мөңгүнүн жылышынан улам складды жана администрациянын имаратын көчүрүүнү пландаштырууда. Компания регионду өнүктүрүүгө багытталган бир нече долбоорду жүзөгө ашырып жатат, ошондой эле жакынкы мезгилде жаңыларын ишке киргизүүнү пландаштырууда, буга биз абдан кубанычтабыз, себеби бул демилгелер региондун жашоочулары үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү бермекчи.

«Бир айыл-бир продукт» долбоорунан (ал жөнүндө сиздер ушул бюллетенден биле аласыздар) тышкары, биз теплицалар боюнча долбоорлорду жүзөгө ашыра баштайбыз, буудай өстүрүп жаткан фермерлердин жерлерин рекультивация боюнча долбоорлор менен алектенмекчибиз жана эң башкы долбоорлордун бирин - «Жаштар банктары» долбоорун жүзөгө ашырууга киришебиз.

Регионду өнүктүрүүгө салымдан тышкары, экология маселелери биз үчүн эң маанилүүлөрдөн болуп калууда жана быйыл ага өзгөчө көңүл бурулмакчы. «Фауна жана Флора Интернешнл» эл аралык жаратылышты коргоо уюму менен өнөктөштүктө биз Сарычат-Эрташ мамлекеттик коругуна колдоо көрсөтө баштадык жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо боюнча планыбызды жүзөгө ашырып жатабыз, бул - тоо-кен казып алуучу ишкана тарабынан Кыргызстанда иштелип чыккан мындай биринчи план.

«Кумтөр» кен ишканасында курчап турган чөйрөгө туруктуу мониторинг жүргүзүлөт жана «Байланышта» бюллетенинин бул санында биз кен ишканасында кенди казып алуу экологиялык нормаларды жана мыйзамдарды бекем сактоо менен жүргүзүлүп жаткандыгына ынануу үчүн компаниянын кызматкерлери тарабынан кандай иштер жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө айтабыз.

Бирок биз эмне үчүн бул жерде жүргөнүбүздү унутпашыбыз керек-алтын үчүн! «Кумтөр» 2013-жылы 550 000ден - 600 000ге чейин унция алтын алуу өндүрүштүк максатын койду.

Майкл Фишер,
*«Кумтөр Оперейтинг Компанинин» Президенти*

## КУМТӨРДӨГҮ АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ МОНИТОРИНГИ.

**9000**
ашык пробалар

**Кумтөрдө жыл сайын 9,000-ден ашуун аба, жер жана суу пробалары алынып, ушулардын негизинде 50,000-ден ашуун ар кандай анализдер жүргүзүлөт. Ушунун баары Кумтөрдөгү чыгаруулардын жана таштоолордун айлана-чөйрөнү коргоо нормаларынын жол берилген жана коопсуз ченемде экендигин камсыздоо максаты менен жасалат.**

Пробалардын алынышы үчүн жоопту болгон Кумтөрдүн айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адистик тобу, кен казуу жайында жана анын тегерегинде пробаларды алуу менен чогуу, суу сапатын текшерүү максаты менен Нарынга дагы барып турат. Мындан тышкары, Кумтөргө барган техникалык жолдун боюнда пайда болгон абадагы чаң концентрациясын изилдеп турабыз.

Абзел мониторингтин тездиги жана түрү Кыргыз мыйзамы жана КРнын Өкмөтү бекиткен Кумтөрдүн айлана-чөйрөнү коргоо планы тарабынан белгиленет.

Балким, биз тараптан дагы, коомчулук тараптан дагы үстүнкү катмардагы суулардын көзөмөлүнө эң көп көңүл бурулат. Кумтөр кен казуу жайы Нарын суусуна кирген Кумтөр суусунун жээгинде жайгашат. Ошондуктан, суунун коопсуз болушу жана анын көрсөткүчтөрү айлана-чөйрөнү коргоо эрежелеринин жол берилген дэңгээлде болушу зарыл. Калдык сууну төгүүдөн мурун тазалоо үчүн Кумтөр өндүрүштүк агындыларды тазалоо жайларын (ӨАТЖ) колдонот. Жол берилген ченемдерди камсыз кылуу үчүн ал суунун сапаты күн сайын текшерилип, Кумтөр суусундагы суунун сапаты болсо жума сайын концессия аймагынан агып чыгышына чейин текшерилет. ӨАТЖдан суу Кумтөр суусуна апрел айынан октябрь айына чейин гана суу аккан мезгилде төгүлөт. Жылдын калган мезгилдеринде суу калдыктарды сактоочу жайда жайгаштырылат.

Анализдердин эң турра болушун



камсыздоо максаты менен биз окшош пробаларды натыйжаларды салыштыруу үчүн ар кайсы лабораторияларга жиберип турабыз. Өзүбүздүн анализдерибизди жүргүзүү үчүн кен казуу жайыбыздагы лабораторияны, жана да Кыргызстанда жана Канадада жайгашкан 4 көз-карандысыз лабораторияларды колдонобуз. Мындан тышкары, тактыкты камсыздоо үчүн улам-улам жабдыктардын калибровкасы өткөрүлөт. Кээде, көрсөткүчтөрүбүздүн жол берилген жана коопсуз эрежелерге туура келгендигин тастыктоо үчүн, Кыргызстандын өкмөтү да проба алып, анализдерди жүргүзөт.

Айлана-чөйрө мониторинг программасынын натыйжалары, жол берилген ченемдер жана фондогу концентрациялардын салыштырмасы менен чогуу, жыл сайынкы айлана-чөйрөнү коргоо боюнча отчетубузда жарыяланат. Ушул отчетту Кумтөрдүн интернет баракчасында (www.kumtor.kg) же биздин бардык мекемелерибизде тапсаңыз болот. Кумтөр, айлана-чөйрө мониторинги боюнча маалыматын жалпы коомго жайган Кыргызстандагы жалгыз мекеме.

Айлана-чөйрө мониторингибиздин кээ бир түрлөрү үчүн лабораторудук анализ керек эмес. Бул - өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды изилдөө, Кумтөр суусунун агымын мониторингдөө, жана радиациялык мониторинг.

**Айлана-чөйрөнү коргоо бөлүмүбүздүн адистери ар-дайым пикирлериңизди угууга жана Кумтөрдөгү айлана-чөйрөнү коргоо чаралары боюнча суроолоруңузга жооп берүүгө даяр.**

**50 000**
ар кандай анализдер


0312 90 07 07 www.kumtor.kg info@kumtor.com

# «КУМТӨР» КОМПАНИЯСЫ ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫНЫН БИР КАТАР УЮМДАРЫНА ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНЕ КОЛДОО КӨРСӨТТҮ

**Биздин компания регионду өнүктүрүүгө багытталган социалдык олуттуу долбоорлорго колдоо көрсөтүүнү улантууда. 2013-жылдын январынын башталышында Ысык-Көл областынын төмөнкү уюмдарына жана билим берүү мекемелерине жардам көрсөтүлдү:**

- Жаштар комитети жүзөгө ашырып жаткан “Дени сак өспүрүм” долбоору, Балыкчы шаарынын Таэквон-до федерациясы жана Тоң районунун Төрт-Күл айыл өкмөтү спорттук инвентарь алышты;
- Дүлөйлөр жана азиздер коому оргтехника, сааттарды, МР3 плейерлерди жана аудиокитептерди алышты;
- Н.Крупская атындагы мектепке эмерек жана телевизор берилди;
- Жети-Өгүз районунун Тосор айылынын китепканасы китептерди алды;
- Тамга айылындагы музыкалык мектеп музыкалык аспаптарды жана парталарды алышты;
- Райондук паркты көрктөндүрүү жана жылгаяк жасоо үчүн Жети-Өгүз районунун жаштар комитетине конькилер, скамейкалар, музыкалык жабдуу берилди;
- Кажы-Сайдын жаштар комитетине спорт залынын ремонту үчүн курулуш жабдуусу, ошондой эле эмерек жана оргтехника берилген.






## АЛГЫЛЫКТУУ ҮЛГҮ!

Мурда биз сиздерге “Кумтөр” кен ишканасынын кызматкерлери жаңы жылдык майрамдар алдында балдар үйлөрүнө жардам көрсөтүшкөндүгү жөнүндө билдиргенбиз. Белгилүү болгондой, муктаж балдарга жана үй-бүлөлөргө жыл бою механиктердин А-1 бригадасы өз алдынча жардам көрсөтүп келиптир. 2011-жылдын декабрынан 2012-жылдын декабрына чейин бригада 111 миң 400 сом чогултуп жана ал каражаттарды муктаж балдарды дарылоого, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, үй-жайы өрттөлүп кеткендерге жардам берүүгө жумшашкан. Жардам Каракол шаарындагы, Ак-Суу, Кызыл-Суу айылдарындагы жана Кажы-Сай шаарчасындагы балдар үйлөрүнө көрсөтүлгөн.

**Жакшы демилге!**

## АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

4кв. 2012ж.
**189 438** унц.

2012ж.
**315 238** унц.

## ПРОГНОЗ

2013ж.
**500-600** миң унц.

**Centerra Gold Inc. («Центерра») компаниясы жана «Кумтөр Оперейтинг Компани» 2012-жылдагы иштердин алдын ала жыйынтыктарын чыгарышты.**

- Өткөн жылдын IV кварталында Кумтөр кенинде 189 438 унция1 же 5,9 тонна алтын өндүрүлгөн.
- 2012-жылдын 12 айынын жыйынтыктары боюнча өндүрүштүн көлөмү 315 238 унция же 9,8 тонна алтынды түздү ашты.
- Компания «Кумтөр» кен ишканасында өндүрүштүн көлөмү 2013-жылы 550 миң унциядан 600 миң унцияга чейинкини (17,1-18,7 тоннаны) түзөт деп пландаштырууда.
- Геологиялык чалгындоо иштерине 13,5 млн. доллар жумшалмакчы.
- 2013-жылы «Кумтөрдө» жалпы капиталдык чыгымдар 95 млн. доллар өлчөмүндө пландаштырылууда.



0312 90 07 07 www.kumtor.kg info@kumtor.com

# БАРДЫК ИШКЕРЛЕРДИ ЧАКЫРАБЫЗ!

Биздин соңку маалымат баракчабызда маалымдалгандай, Кумтөр, Европалык реконструкция жана өнүгүү банкынын көмөктөштүгү менен, натыйжасы Ысык-Көл областынын «бизнес-картасы» боло турган изилдөөнү баштаган. «ПромоТанк» компаниясы жүргүзүп жаткан ушул изилдөө региондо кайсы бизнес түрлөрүнө талап бар экендиги жана кайсылары абдан көп болуп ишкананын ийгилигине начар таасир тийгизиши мүмкүн экендиги жөнүндө жалпы маалымат берет.

Ысык-Көл областында экономикалык өнүгүү, өзгөчө дыйкан-чарбага жана туризмге көз карандылыкты азайтуу үчүн экономиканы диверсификациялоо, абдан маанилүү. Бул өкмөт үчүн туруктуу салык базасын камсыздап, көбүрөөк иш мүмкүнчүлүктөрүн ачат.

Изилдөөнүн натыйжалары тартиби төмөндөгүдөй болгон семинарларда жарыяланат. Изилдөөнүн натыйжаларынын тышкары, катышуучуларга ЕРӨБнын бизнес-консультация кызматтары жөнүндө маалымат берилип, ошондой эле бизнести пландаштыруу темалары (пландаштыруу, каржылоо, маркетинг жана кадрлар) боюнча мастер-класс берилет.




**Анда эмесе, өз ишиңизди баштагыңыз келсе, бирок эмнеден баштаарыңызды билбей жүрсөңүз, семинарларыбыздин бирине келип, биринчи кадамыңызды жасаңыз!**

**Семинарлардын убактылары: 09:00-дан 16:00-га чейин.**

| | ДАТАСЫ | ӨТКӨН ЖЕРЛЕРИ |
|---|---|---|
| Бөкөнбаев | 5 февраль | "Аргымак" тойканасы |
| Кызыл-Суу | 6 февраль | Маданият үйү |
| Чолпон-Ата | 7 февраль | "Три короны" мейманканасы |
| Каракол | 8 февраль | Музыкалык мектеп |
| Балыкчы | 11 февраль | Балыкчы шаарынын мэриясынын имараты (Фрунзе көчөсү, 252) |

# КОЛГО ЖАСАЛГАН ШКЕРДИК



**Кишилердин көбү үйдө өздөрү үчүн же сатууга даярдап варенье, самын, кийиз буюмдарын, жана бал жасап алектенишет. Бирок, бирөөнүн ышкысын өтө керектүү киреше алып келген ишкердике айландыруу оңой жумуш эмес.**

Жөндөмдүүлүктүн же билимдин жетишпестиги, базарга чыгуунун кыйынчылыгы, жана да азыктардын коопсуздугу сыяктуу эрежелерге ылайыкты сактоого байланыштуу чыгымдар чакан ишкерлердин бардык аракеттерине карабастан жетиштүү киреше ала албагандыгына алып келет.

Кумтөр, Япон эларалык көмөктөшүү агенттиги (JICA) менен биргелешип, Ысык-Көлдүн түштүк жээгин курчаган «Бир айыл-бир азык» (БАБА) аттуу долбоорду каржылап келет. Жеке ишкерлерди коомчулуктун негизиндеги уюмдарга (КНУ) бириктирген жана сыноодон өткөн ыкманы колдонуп, чакан бизнестин өсүшүн колдоп, көпчүлүгү аял болгон жеке ишкерлерге жана усталарга керектүү киреше камсыздай алдык.

Сөз кылынган программанын ондогон катышуучулары даярдоо курстарынын пайдасын көрүп, жаңы технологияларды жана инфраструктураны колдонууга мүмкүнчүлүк алышты. Мисал катары, Караколдо бардык санитардык эрежелерге ылайык болгон варенье өндүрүү ишканасы ачылган. JICA агенттиги чакырган Япониялык адистер болсо, катышуучуларга азык-түлүк жана өндүрүштүк коопсуздук негиздери боюнча жана көптөгөн башка темалар боюнча даярдык курсун өткөрүштү. Мындан тышкары, программанын алкагында катышуучуларга айнек шишелери, шекер жана кийиз сыяктуу керектүү болгон материалдарды сатып алууга жардам берилет.

БАБА программасы – бул Ысык-Көл областынын тургундарына социоэкономикалык абалдарын жакшыртууга мүмкүнчүлүк камсыздоо максаты менен Кумтөрдүн колдоосун көрө түргөн көптөгөн долбоорлордун бири.



**«Бул долбоор менен кызматташуубуздан улам, биз бактарыбыздын жемиштерин туура кайра иштетүүнү үйрөндүк. Бизди кантип баштыкчалоого да окутушту, продукцияны сатып өткөрүүгө жардам беришти. Мен азыртадан курорттук сезонго даярданудамын жана шарелерди сатуу боюнча ишмердүүлүгүмдү улантууну пландаштыруудамын.»**

*«Малика – Ысык-Көл» жамаатынын жетекчиси, Кылчыкбаева Анара*

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАЛК МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ЖАНА ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ

**Кыргызстан экономикасынын башкы катышуучусу жана Ысык-Көл регионунун негизги иш берүүчүсү катары өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндө чоң салымыбыз бар.**



Кумтөр, биздин экономикага кошкон салымдарынан тышкары, Ысык-Көл регионун андан ары өнүктүрүү максатында жергиликтүү коомчулук менен биргеликте өнүктүрүү, багыттуу жардам жана инфраструктураны көтөрүү долбоорлору аркылуу иштешет. Андан тышкары биз жылдык кирешенин 1%-ын Ысык-Көл өнүктүрүү фондуна которобуз, бул каражат бүткүл Ысык-Көл областын өнүктүрүүгө жумшалат.

## РЕГИОНАЛДЫК КОМИТЕТТЕР ЖАНА КЫЗЫКТАР ТАРАПТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Регионалдык комитеттер, Кумтөрдүн Туруктуу Өнүгүү жана Экологиялык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү менен жергиликтүү өкмөттүн, ӨЭУ жана башка региондордун өкүлдөрүнүн катышуусу менен ай сайын расмий чогулуштарды өткөрөт. Бул ай сайын өтүүчү чогулуштар экологиялык маселелер боюнча пикир алмашууга жана жергиликтүү калктын көйгөйлөрү тууралуу түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Азыркы учурда үч регионалдык комитет иштөөдө, Жети-Өгүз менен Тоң райондорунда жана Балыкчы шаарында.

Регионалдык комитеттер менен бирге расмий жана расмий эмес кызыктар тараптардын катышуусу үзгүлтүксүз негизде биздин жергиликтүү коомчулук камтыган бир катар кызыктар тараптар аркылуу ишке ашат. Биздин компания менен байланышкысы келген жергиликтүү тургундар Караколдо, Барскоондо, Бөкөнбаевде жана Балыкчыда жайгашкан маалымат борборлоруна кайрыла алышат.

## ӨНҮКТҮРҮҮ ДОЛБООРЛОРУ

Кумтөр бир нече эл аралык жана жергиликтүү уюмдар менен коомчулукту өнүктүрүү долбоорлорун иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн кызматташат. Долбоорлор натыйжалуу болуш үчүн, биз негизинен Ысык-Көлдүн түштүк жээги же бүткүл Ысык-Көл областына көңүл бурабыз. Долбоорлор компаниянын рисктерин, коомчулуктун муктаждыктарын жана кызыктар тараптардын салымдарын эске алуу менен иштелип чыгат, жана болочок натыйжаларга жетише билген тажрыйбалуу өнөктөш талап кылынат. **Долбоорлор төмөнкүлөрдүн бирине жооп бериш керек:**

1. Бизнести өнүктүрүү жана ар түрдүүлүгүн колдоо (айрыкча КОИ)
2. Айыл чарбачылыкты өнүктүрүүнү колдоо
3. Жаштар жана билим берүү тармагында долбоорлор
4. Экологиялык долбоорлор
5. Кыргызстандын маданиятын көтөрүү

## ЫСЫК-КӨЛ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ

Чогуу иштетүү тууралуу келишимдин алкагында Кумтөр бир жылдык кирешесинин 1% Ысык-Көл өнүктүрүү фондуна төлөйт. 2012-жылы Кумтөрдөн 4.638 миллионго жакын АКШ доллар каражат алган бул фонд Ысык-Көл областынын социоэкономикалык инфраструктурасын өнүктүрүү үчүн түзүлгөн. 2009-жылдан бери иштеп келе жаткан фонд Кумтөрдөн түшкөн 25 миллиондон ашык АКШ доллар каражатын област боюнча ар кандай долбоорлорго (бала-бакча, мектеп, спортклуб жана суугат инфраструктурасын өнүктүрүү) жумшаган. Бул каражат айылдык жана жергиликтүү өкмөттүн пикирлерине ылайык приоритеттүү деп саналган долбоорлорго жергиликтүү өкмөттүн жана ӨЭУ өкүлдөрүнөн куралган башкаруу комитетинин көзөмөлү астында сарпталган.

## ЖАРДАМ БЕРҮҮ

Ысык-Көл регионунда иштеген эң ири компания катары Кумтөргө өлкөнүн ар кайсы бурчунан көптөгөн сураныч каттар келип түшөт. Жардамды натуралдуу түрдө, мүлк же материал же акча каражаты катары бөлүп берүү тууралуу сураныч каттар ай сайын биздин Жардам берүү комитети тарабынан каралып, эгерде төмөнкү талаптарга туура келсе жардам бөлүнүп берилет.

1. Жардам жергиликтүү коом топтун же уюмдардын пайдасына берилет, бирок жеке инсандардын же компаниялардын пайдасына берилбейт
2. Жардам саякат же медициналык муктаждыка берилбейт
3. Жардам политикалык партияларга же политикалык иш-аракетерге берилбейт

Мисалы, жакында эле сокур балдарга аудио китеп ойноткучтар, жергиликтүү спорт топторго жана спортклубдарга спорт шаймандар, жергиликтүү мектептерге боёк жана эмерек алынып берилген.


БИШКЕКТЕГИ ОФИС
720031
Бишкек ш., Ибраимов көч. № 24
**Кабылдама: 996 (312) 90-07-07**

КАРАКОЛДОГУ РЕГИОНАЛДЫК ОФИС
Каракол ш.,Первомайская көч. 61
**Тел.: 03922 5-77-99**

БАРСКООН маалымат борбору
**0775 979 760**

БАЛЫКЧЫ маалымат борбору
**0312 90-07-39 кош. 5124**

БӨКӨНБАЕВ маалымат борбору - **0779 055 778**